Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант болсун, яхудий болобу, христиан болобу бул үммөттөн ким мен (жөнүндө) угуп, кийин мен жиберилген динге ишенбей өлүп кетсе, тозок ээлеринен болот

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант болсун, яхудий болобу, христиан болобу бул үммөттөн ким мен (жөнүндө) угуп, кийин мен жиберилген динге ишенбей өлүп кетсе, тозок ээлеринен болот".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын аты менен касам ичип, яхудий болобу, христиан болобу, же анын даават, чакырыгы жеткен башка дин өкүлү болобу, аны угуп, бирок ага ишенбей бул дүйнөдөн өтүп кетсе, тозоктун тургуну болуп, анда түбөлүк каларын айткан.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3272